# БИР ТУУГАНДАРЫ

БАШКАЛАРДАН ЖАРДАМДЫ БИР ЖОЛУ СУРА,
ӨЗҮҢ ЖҮЗ ЖОЛУ АРАКЕТ КЫЛ.
БАШКАЛАРДАН ЖАРДАМДЫ ОН ЖОЛУ СУРАСАҢ,
ӨЗҮҢ МИҢ ЖОЛУ АРАКЕТ КЫЛ.

БАРДЫК ИШТИН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА БҮТҮШҮ БАР – ДЕГЕНДЕЙ, ЭГЕР АЛГА КАРАЙ УМТУЛУУ КҮЧТҮҮ БОЛСО, КАЙСЫЛ КУРАК БОЛБОСУН ТОСКООЛДУКТАРДЫН БААРЫ ТҮККӨ ТУРБАЙТ.

ЭГЕРДЕ ӨЗҮҢӨ КЕЛГЕН ЖАШООНУН БУРГАНАГЫНА ТУРУШТУК БЕРЕ АЛСАҢ, СӨЗСҮЗ АЖАЙЫП КҮНГӨ ТУШ БОЛОСУҢ.

Азардын биринчи аялы Бүбүкандан Жапар, Канышай деген эки бала болгон (алар жөнүндө жогоруда айтылды).

Андан кийин, Адыкан, Ажаркан болуп жашап атканда, агасы Жанузак каза болуп, анын аялы **Ажарды** (аты Ажарканга уйкаш болгон) дагы, иниси Азарга баш байлашат. Буга чейин, ал эненин Жанузактан төрөгөн **Зайнаш** аттуу кызы болгон. А Азардан болсо **Зыйнаш** (1925-?) деген кыз төрөйт. Кийин Зыйнаш турмушка чыгып, Асанкожо экөө бир кыз, алты уулдуу болушат. Алар Майраш, Чиркейбек, Шайлобек, Төлөмүш, Бакыт, Талант, Айбек. Булар Бишкекте жана Корумдуда турушат.

Зайнаш (1921-2010) **Курумшиев Касымалыга** (1901-1974) турмушка чыгып, Дуйшөбек, Кулипа, Жекшен, Ишен, Бейшен, Дарика жана Малика деген балдарлуу болушат.

**Ажарканэнедентөрөлгөндөр:** Салимакан, Бурулкан, Зарылкан, Бейшекан, Жумакан, Токтосун, Жумагүл, Жумадыл, Жумабай, Анара. Булар жөнүндө кыскача кезеги менен болсун...


*Салимакан.*

Балдарынын улуусу **Салимакан** (1924-2009) согуштан кийинки жылдары, Фрунзе шаарындагы окуу жайлардын бирин бүтүрүп,

Ысык-Көл областынын Талды-Суу районунда (азыр Түп району), андан кийин Ананьево районунда Ички иштер бөлүмдөрүнүн паспорт столдорунда иштеген. Кийин, көп жылдар бою Фрунзе шаарындагы Ликер-арак заводунда жана Кыргыз ССРынын тамак-аш өнөржай министрлигинде кадрлар бөлүмдөрүн башкарып келген. Жолдошу **Юсувалиев Юлий** (Түкөш) (1913-1969) Казан шаарындагы университеттин юридикалык факультетин бүтүрүп келип, Ысык-Көл жана Ош областарында прокурор болуп иштеген. Кийин, Көк-Жаңгак шаарындагы Шахта башкармалыгында Орто Азиядагы рудниктерин башкарган. Андан кийин, Кыргыз ССРынын Илимдер Академиясында Тоо-геологиялык институтунун директорунун орун басары болуп дайындалган.



*Салимакан, Нелли, Клара, Юлий.*

Салима менен Юлий, **Нелли** жана **Клара** деген эки кыздуу болушкан. Азыр, ал кыздары балдары, неберелери менен Бишкекте турушат. Неллинин күйөсү **Самаралиев Өмүрбек** бир топ жыл Каинды шаарчасында эт комбинатында директор болуп иштеген. Алардын улуу баласы Маден үйлөнүп, баласы Эмиль бирге чыга электе авариядан каза болуп калган. Эмиль болсо, жогорку окуу жайын бүтүп, Англияда иштеп жүрөт. Экинчи баласы Эльдар Ален деген балалуу болуп, үй-бүлөсү

менен Бишкекте иштеп, жашап атат.

А, Кларанын күйөсү **Каралаев Марат**, кадимки чоң Манасчы **Саякбай Каралаевдин** жээн небереси болгон. Саякбай, 500 миңден ашуун саптан турган Манас эпосун жатка билчү. Демек, Марат менен Кларанын кызы **Илимада** Саякбайдын, мындайча айтканда "XX-кылымдын Гомерисинин" гени бар.



*Бурулкан жолдошу Рахман менен.*

**Бурулкан** (1927-2004) окуусун бүтүп айылдын мектебинде пенсияга чыкканга дейре мугалим болуп иштеген. Күйөсү **Адаев Рахман** (1927-1994) абдан сабаттуу адам эле, көп жылдар бою Ананьевонун мектебинде директор болгон. Алардын балдары, Мелис, Анара, Алик, Эрнис бала-бакыралуу болушуп Бишкекте жана Ананьеводо турушат. Аскаты болсо, 1984-жылы 24 жашында, жогорку окуу жайды бүтүп келип, жаңыдан жумушка орношуп иштей баштаганда, машинасы менен аварияга кабылып каза таап калган. Булардын ичинен **Алик** Алма - Атадагы университеттин юридикалык факультетин кызыл диплом менен бүтүрүп келип, Акаевдин



*Алик.*

учурунда Президенттик администрацияда юрист болуп иштеп, биринчи Конституцияны даярдоодо салымы көп болгон. Аликтин кайнатасы Түптүн Кең-Суу айылынан, Кыргызстандын көрүнүктүү тилчи-илимпозу, Манас таануучу, педагог, котормочу **Зияш Бектенов** болгон. Алик эки кызы, неберелери менен Бишкекте туруп атышат.

Маалымат үчүн. Кең-Суу айлынан чыккандар: Кыргыз эл жазуучусу, академик, Кыргыз Республикасынын Баатыры **Түгөлбай Сыдыкбеков**; Кыргыз совет тилчиси, улуттук туңгуч лексикограф жана лексиколог, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, академик **Кусеин Карасаев**; Саясатчы жана мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, 2021-жылдан Кыргыз Республикасынын алтынчы Президенти **Садыр Жапаров**.

**Зарылкан** ар кайсы чарба, ишканаларда башкы бухгалтер, жетекчи болду. (Ылдыйда кененирээк берилет).



*Римма, Нелли, Уулбүбү, Бейшекан, Майраш, Клара, Анара. 1960-ж.*

**Бейшекан** (1932-1972) бул дүйнө менен эртерээк кош айтышып калды. Өзү олбурлуу болгону менен, жаш кезинде боз үйдүн кере-

гесин көтөрүп атып, белин кокустатып алган. Башка бир туугандарына караганда, мал-жандыктарга жакын болуп, Азар атасынын малдарын өңүнөн эле таанып койчу экен.

Жолдошу **Кусейин** балдары Мира, Кубатбек, Касымбек, Мурат, Жыпара, Жылдыздарды жакшы чоңойтту. Баары үйлүү-жайлуу, бала-бакыралары, неберелери менен бирге Бишкекте, Корумдуда, турмуштарын ийгиликтүү өткөрүп жатышат.

**Жумакан** (1935-2006) окуусун бүтүп Фрунзе шаарындагы республикалык китепканада башкы адис болуп узак убакыт эмгектенген. Жолдошу **Нурманбетов Муса** (1930-2011) врач болгон.


*Муса менен Жумакан.*

Бир туугандардын арасынан Жумакан тамашакөй, шайыр жүрчү эле. Чогулуп калганда, кызыктуу окуялардан көп айтып берчү. “Балыкчы балыкчыны алыстан таанийт” дегендей, дагы бир тамашакөй келинге жолукканы:

*-“Пенсияга чыгып, үйдө неберелерди каралашып жүрдүк. Аларга күн алыс сүт алып келип каша бышырып бермей. Сүткө барып жүрүп, сүт саткан келин менен кээде сүйлөшүп калабыз. Байкасам бойдок, түзүк келин өңдөнду, анан ойлодум, “Эжемдин улуу уулу бойдок жүрөт, ошого ылайыктуу болчудай экен” - деп.*

*Бир аздан кийин, ал үйүнө чайга чакырып калды.*

*"Мен жээним менен барайын" - десем, "мейли" – деди. Жолдошум, жээним болуп чогу барып калдык. Бир аз чай ичкенден кийин, жолдошум менен жээним балконго чыгышты.*

*Келинден сурап калдым, "Кандай, жактыбы" – деп.*

*Келин айтат -"Ооба жакты, аябай сылык, адамкерчиликтүү көрүндү, өзүнчө жолуксак дагы көрөбүз го".*

*Ичимен сүйүнүп, - "ырас болуптур", дедим.*

*Анан дагы айтып калды, - "Бираз улуу болгону эчтеке болбойтко". "Ооба" – дедим. "Анын үстүнө врач дагы экен" – дегенде, сурадым, "Кайсынысын айтып атасың" – деп.*

*"Тиги, өйдөрөөк отурганын" – дегенде чоочуп кеттим, "Ок, ал менин абышкам да" – деп. Ан сайын келин болбойт, "Жок, мага ошол эле жагып калды" – деп.*

*Иштин чоо-жайын түшүндүм дагы, плов жегенден кийин, рахмат деп үйгө кеттик. Ошондон кийин абышкам сүткө барайын десе, жибербей такай өзүм барып жүрдүм. Ошентип, аз жерден абышкамды тарттырып ийе жаздагам."* – деп көп окуянын бирин айтып берди эле.

Муса аябай тыкан, таза жана так жүргөн адам эле. Өзүнүн врачтык кесибин жакшы аткарганы менен бирге, үйдөгү оокатты андан бетер жакшы аткарчу. Керек болсо даамдуу тамак жасай коюп, үйдөгү тиричиликте керектелүүчү электр буюмдар бузулса өзү эле оңдоп койчу. Ал эле эмес, Ананьевого кайындарга баратам десе, кайын жеңелери, келиндери бузулган электр буюмдарын даярдап күтүп калышчу, келсе оңдотуп алалы деп. Муса кел-

генде аларды оңдоп, андан тышкары, дагы башка майда-барат оокаттарды ирээттештирип, орду-орду менен түздөп койчу.

Жумакан эженин кесиптеши **Каныкей Мамытованын** эжеге арнаган каалоо ырынан:

**Кыз бактысы**

Элин сыйлап, элди алган,
Келатат ата-бабадан.
Жаракөр эже мүнөзу,
Бала чактан калыптанган.
Көп жигитти чуркаткан,
Ысык-Көлдүн аккуусу.
Нике кайып дейт экен,
Жездеге эже буюрду.
Эл ишеничин актаган,
Эмгекчил жигит баштатан.
Сообуна калып далайдын,
Оорусун жулуп таштаган.
Көп ишке чыдап түтөсүз,
Келинди кыздай күтөсүз.
Салаттын жасап түрлөрүн,
Багындырып жездени,
Жандай көрүп сүйөсүз.
Көңүлгө катуу тийбеген,
Көрүнбөй калса издешкен.
Улана берсин бактыңар,
Пейли кенен жакшылар.

..Июнь айы, 2005-ж.


Таалай

Муса менен Жумакандын баласы **Таалай** тайларын тартып олбурлуу, ошону менен бирге, аябай ак көңүл, өтө тамашакөй болуп чоңойду. Таалай теңтуштары менен жүргөндө дайыма күлкү-шаң, көңүлдүү маанай коштоп жүрөт. Ал гана эмес, Таалай ырдаганда, далай менменсинген ырчылар арта калчу. Турмушундагы эмгек жолунда болсо, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде, Эсептөө палатасында, Каржы министрлигинде, Ысык-Көл областтык администрациясында, белсемдүү кызматтарда үзүрлүү эмгектенип, азыр пенсияда кыздары, неберелери менен Бишкекте турушат.

Муса менен Жумакан баласына шерик болсун деп, иниси Жумабайдын улуу кызы **Эриканы** багып алышып, жакшы тарбия берип чоңойтушту. Эрика дагы адептүү жаштардан болуп, окуусун адегенде Кыргыз Улуттук Университеттин экономика факультетинен бүтүрүп, андан кийин Кипрдагы Эл аралык институтунун магистратурасын бүтүргөн. Азыр болсо кызы менен Бишкекте жашап, иштеп жүрөт.

**Токтосун мырза** (1937-1999) Ысык-Көл районундагы Тегирменти айыл өкмөтүнө караштуу Көк-Дөбө айылында жарык дүйнөгө келген. Мектепте окууну Көк-Дөбө айылынан баштап, айылда он жылдык мектеп болбогондуктан, орто билимди Темир айылынын мектебинен бүтүргөн. 1946-жылы атасы Азар каза бол-

гондо, Токтосун тогуз жашта болгон. Ошол кезден баштап эле, Адыкан, Ажаркан энелерине, агасы Зарылканга кол кабыш кылып, мектептен келип, түштөн кийин колхоздун кара жумушун аткарып жүрдү.



*Токтосун*

Мектепти бүткөндөн кийин, ошол эле Темир айлынын мектебинде пионер вожатый болүп иштеп жүрүп Советтик Армиянын курамына чакырылган. Аскердик кызматты Белорусиянын Брест шаарында өтөп, ал жакта спорт менен машыгып күрөш боюнча мелдештерге катышып, жакшы көрсөткүчтөрдү жаратып келген.

1959-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетине өтүп. 1964-жылы ийгиликтүү аяктап чыгат. Эмгек жолун 1964-жылы Рыбачье шаарында, инспектор-уюштуруучу болуп Ысык-көл айыл чарба управлениесинде баштаган. 1965-жылы №54 "Бостери" госплемконезаводдо агроном.1967-жылы Ананьево айылындагы "Биринчи май" кохозунда агроном. 1967-1977-жылдары "22-партсьезд" совхозунда башкы агроном (Жаркынбаево а.). 1977-1987-жж "Биринчи май" колхозунун башкы агроному (Ананьево а.) 1987-1994-жылдары Жаркымбаево айылындагы, Малды бордоп семиртүүчү чарбада агроном болуп иштеп жүрдү. 1994-1999-жылдарда болсо менчик дыйкан чарбада эмгектенген.

Токтосун өзүнүн эмгек жолунда он бир жолу айылдык, райондук, облустук депутат болуп шайланган. Эмгеги бааланып В.И.Лениндин 100-жылдык юбилейине арналган ордени, "Эмгек ардагери" медалы жана Өкмөттүн бир нече ардак грамоталары менен сыйланган.

Азар атанын балдарынын, неберелеринин дээрлик көпчүлүгү, атасын тартышып олбурлуу, кең далылуу, чымыр денелүү болушкан. Токтосун дагы ошондойлордун алдыңкы катарында эле. Ушуга байнаныштуу бир окуя жөнүндө айта кетели.

Жогоруда белгиленгендей, Токтосун мектепти бүтүп, Фрунзедеги К.И.Скрябин атындагы Айыл-чарба институтунун агрономия факультетине тапшырып окуп калат. Өзүнө окшогон, биринчи курста окуган курсташтары менен жатаканадан орун алып, жайгашышат. Бир-эки күндөн кийин эле жатаканага, бойлуу, чымыр денелүү, чачы узун бала келип, биринчи курска кирген балдардан тыйын-тыпыр чогултууларын талап кылат. Мурдараак жатаканадан орун алып, аркы-беркини көрүп калган балдар, үшкүрүнүшүп акырындан майда-барат тыйындарын чогулта башташат. Мындайды биринчи жолу көргөн Токтосун сурайт:

–*“Эмнеге беришибиз керек?”* – деп.

Көрсө, ал ошол тегеректе жашаган, беш-алты жаш улуураак, тентек балдардан болчу экен. Анда-санда, айылдан келген балдарды коркутуп, болгон тыйындарын алып койчу экен. Токтосундун жини келип, балдарга: “Бербейбиз” - деп айтат. Аны уккан баягы бала келет:

-*“Ким экен менин сөзүмдү аткаргысы келбеген”* – деп.

Ошентип, экөө кер-мур айтышып жакалаша түшкөндө эле, Токтосун, тиги баланын чекесин көздөй бир уруп калат. Тиги бала, “тарс” чалкасынан жыгылып, бир топтон кийин башын көтөрүп, туруп келет дагы акырын чыгып, өз жолуна түшөт. Ошондон кийин, ал бала Токтосун окуусун бүтүп кеткиче жатаканага жолобоптур. А Токтосунду болсо, ошондон кийин студенттер жатакананын Студсоветтигине шайлап алышкан экен.

### Токтосун

*Мухуддин Төлөбаев*

Билек түрүп сайган чырпык куурабай,
Бешенеден чыккан терлер курганбай.
Биз күрөшүп жүргөн кезде **Токтосун**,
Балбан билек сан булчуңу буурадай.
Белден кармап айландырып чапканда,
Быт чытынан кур үзүлдү бир далай.
Эгээр жерге ченөө иштер башталып,
Эгин эгип, чарба ишин башкарып.
Эл ичинде кадыр баркка ээ эле,
Эпсиздерге керек болсо каш кагып.
Эгемендик эл ичинде бейпилдик,
Эгүү, жыйуу жылда кайра башталып.
Каны чыгып кармай калган жеринен,
Кайыштыра бура булкуп белинен.
Калчылдады канча жигит жалдырап,
Кайран Током каарданбай эриген.
**Какилимдин** чайын ич деп кастарлап,
Козу сойчу көгирим көл жээгинен.


*Рахат апасы менен.*

**Токтосун** менен **Зайрабүбү** экөө, Намат, Эльмира, Талгат, Чинара, Рахат аттуу эки кыз, үч уулдуу болушту. Балдарынын баары үйлөнүп-жайланып, бала-бакыралары менен Бишкекте, Ананьеводо турушат.

Булардын ичинен **Эльмиранын** жолдошу **Арстанбек**, Кыргыз элине белгилүү болгон жети Акенин бири болгон, ой көңүлүн туя билген, сөздү бузбай уга билген **Кыдыр Акенин** чөбөрөсү болот. Элибизде айтылып жүргөндөй, «Аккан арыктан суу агат» - дегендей, булардын кыздары дагы таланттуу, жогорку билимдүү болуп чоңойюшту.

**Жаңыл** ыр жазып, сүрөт тартса, улуусу **Гулай** тарых илимдеринин кандидаты, азыр болсо жолдошу **Рашид,** уулу Теоман-Семетей менен Турцияда жашап атат. Ошону менен бирге Рашид экөө тең Докторлукту жактоонун алдында турат.


*Жумакүл.*

**Жумакүл** болсо мектепти бүтүп, эртерээк турмушка чыгып калды. Жаш кезинен бала-чакалуу болуп, тийиштүү курстардан эле өтүп, көп жыл Ананьеводогу райондук ооруканада лаборант

болуп, ишин так, абдан тыкан аткарып жүрүп пенсияга чыкты. Жолдошу **Айдар** көбүнчө алма бакта жумуш аткарып жүрдү. Ал жогорку окуу жайды бүтпөй эле, адистерден кем калышпаган “садовод” эле. Айылдын жашоочуларынын бир тобуна, бактарды кыйыштыруу, бутактоо жагынан жардамын берчу. Жок дегенде эле, ал иштер боюнча жакшы кеп-кеңештерин айтып берчү.

Айдар менен Жумакүл төрт кыз, үч уулдуу болушуп, аларга жакшы тарбия берип чоңойтушту. Алар, Гүлжамал, Гүлбарчын, Мурат, Канат, Бактыгүл, Нуржамал, Медет. Балдардын баары үйлөнүшүп, бала-бакыралуу, неберелүү болушту. Булардын ичинен **Гүлбарчын** Кыргыз мамлекеттик университеттин юридикалык факультетин бүтүрүп, Бишкек шаарындагы райондорунда Ички иштер бөлүмдөрүндө тергөөчү болуп, талыкпай эмгектенип полковник званиесин алган. Азыркы күндө, Ички иштер кызматынан отставкага чыкканы менен, Бишкектеги №20 мектепте социалдык педагог болуп иштеп, эки небересин багышып турмушун өткөрүүдө.



*Жумадыл достору менен.*

Азардын балдарынын баары эле келбеттүү болушту. Алардын ичинен, баарынан сүймөнчүгү болгон **Жумадыл** (1942-1963) өзгөчө эле, кең далылуу, узун

бойлуу, өңү-түсү келишкен, орус-кыргыз дебей көп кыздар суктанчу жигит болуп жетилет. Ал жөнүндө туугандары өзгөчө эскерип калышат. Кээде жеңелери бир нерсе алуу үчүн дүкөнгө барышканда, Жумадылды ээрчитип алышчу экен. Себеби, көзү бакырайган, кирпиктери кайрылган татынакай жигит дүкөнчүлөр менен сылык-сыпаа сүйлөшкөндө орус, кыргыз дүкөнчү кыздар катып койгон товарларын алып чыгышып, Жумадылдын алдына жайып салышчу экен.

Жумадыл Фрунзедеги Авто-жолдор техникумун артыкчылык менен бүтүрөт. Жумадылдын илим-билимге ынтызарлыгын билген, жакшы тааныган, дос-теңтуштары, *“Кыргызстандын болочок Министри”* - деп калышчу экен. Бирок, тагдыр экен, окууну жакшы бүтүргөнүнө байланыштуу, билимин улантуу максатында Москвадагы автомобиль жана шоссе мамлекеттик техникалык университетине (МАДИге) окууга өтүп, ал жака жөнөөрдүн алдында, айылга ата-энесине учурашканы келип, достору менен мотоциклдан кырсыктап каза таап калат. Аттиң дүнүйө.



*Зоя менен Жумабай.*

**Жумабай** (1943-2001) болсо Москвадагы киностудиялардын биринде окуусун бүтүп келип Кыргыз теле-радио компанияда теле-оператор болуп көп жылдар бою эмгектенген. Жубайы **Зоя** экөө Эрика, Марина, Минара, Мадина деген төрт кыздуу болушуп, аларга татыктуу тарбия берип чоңойтушту.


*Кичүү карындашы Анара менен.*

Эң кенжеси **Анара** окуусун Ленинград шаарындагы Технологиялык институтун бүтүрүп Кыргызстандын финансы министрлигинде жогорку адис, бөлүмдөрдүн биринде жетекчиси болуп үзүрлүү эмгектенип, кийин Израил өлкөсүнө барып, бир топ жыл өзүнө татыктуу жумуштан иштеп, ден соолугун чыңап келип, пенсияга чыгып, азыр Бишкекте туруп атат.